**Ак-Тилек жалпы билим берүү орто мектебинин 2017-жылдан 2022-жылга чейинки социалдык педагогунун иштеринин анализи.**

| Жылдар | Жарым жетим | Тоголок жетим | Көп балалуу | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген | | Аз камсыз | Тышкы мигрант | Ички мигрант | Толук эмес үй бүлөө | Афган согушка катышкандардын балдарынын тизмеси |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Мектепте окуган | Мектепте окубаган | | | | | |
| 2017-2018 | 13 | - | 6 | - | 1 | 3 | 7 | - | 8 | 1 |
| 2018-2019 | 11 | - | 3 | 1 | 1 | 9 | - | - | 9 | 1 |
| 2019-2020 | 11 | - | 3 | 1 | - | 9 | 4 | 1 | 9 | 1 |
| 2020-2021 | 11 | - | 13 | 1 | - | 4 | 8 | - | 14 | 1 |
| 2021-2022 | 8 | - | 16 | 1 | - | 4 | 3 | - | 19 | - |
| 2022-2023 | 5 | - | 18 | 2 | - | 4 | 4 | 1 | 7 | - |

Социалдык педагог ар бир окуу жылынын башында окуучулардын бирдиктүү базасын тактоодо класс жетекчилер менен бирдикте иш жүргүзөт. Сабактан көп калган, тартип бузган окуучулардын ата энелери менен байланышып, ИДН менен биргеликте иш жүргүзүлөт.

Жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп зордук зомбулук, суицид, тамеки насвай алгоголь, толерантуулук жана баңгилик, наркотикалык заттар тууралуу ата-энелер менен аңгемелешүү жүргүзүлүп, балдарга кылмыштуулукту алдын алуу боюнча маалымат берип туруу керек экендиги тууралуу айтылат. Мектеп окуучулар арасында «Зомбулукка каршыбыз!», «Наркотикалык заттардан сактаналы”, “Тамеки өмүргө зыян” аттуу класстык сааттар жана тегерек столдор өтүлүп турат.

Сабактан көп калган окуучулар менен сүйлөшүп, ийримге тартуу иштери жүргүзүлөт. Кылмыштуулукту, укук бузууларды алдын алуу тууралуу ИДН кызматкери менен бирдикте окуучуларга адеп, тартип туралуу жыйналыш өткөрүлөт.

Чейрек сайын ата-энелер чогулушун өткөрүп, ЖЖӨИ инспектору, айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкер, класс жетекчилер болуп бирдикте укук

бузууларды алдын алуу кеңешмеси өткөрүлүп турат. Мектепте ишеним почтасы уюштурулган. Окуучулардан түшкөн кат кайрылуулар атайын түзүлгөн комиссия тарабынан ачылып, талкуу жүргүзүлөт. Соц. педагог жана ИДН инспекторунун катышуусу менен рейд жүргүзүлүп, ата-эне мектеп менен байланышып турат. Мектепке медицина кызматкерлери келип жогорку класстын окуучулары менен жолугушуу өткөруп «Жугуштуу эмес оорууларды алдын алуу" боюнча сабактар өткөрүлөт. «Тарбия үйдөн башталат» «Мыйзам жана абийир» «Баңгилик-азаптуу дарт» «Зомбулуксуз дүйнө» "Наркотикалык заттардан сактаналы", «Эрте никеге турунун зыяндуулугу» "Суицидди алдын алуу" аттуу иш чаралар өткөрүлүп, дубал газета бурчтар уюштурулуп турат.

Окуучулардын социалдык паспорту жана балдардын жашоо шартын иликтөө үчүн социалдык сурамжылоо анкетасы түзүлөт. Жалпы ата-энелер чогулушу өткөрүлүп, окуучулардын жолдо жүрүү эрежеси, үй бүлөдөгү балдарга зордук зомбулук көрсөтүү жана күч колдонуунун жолу боюнча маалымат берилет.

Окуучуларга "Рекет деген эмне" "Зомбулуксуз мектеп" "Мен жана менин укугум" "Кылмыштуулукту алдын алуу" "Коррупцияга каршы күрөшүү" "Тамеки, насвай,алкоголь ден соолукка зыян" "Аялдар зордук зомбулукка каршы" "Үй бүлөлүк зомбулуктан сактануу" "Диний экстремисттик кыймылга каршыбыз" "Толеранттуулук" деген темада класстык сааттар, тегерек столдор, КВН конкурстар өтүлдү.Соц педагог,ден соолук комитети, класс жетекчилер менен бирге сергек жашоого үгүттөө боюнча сабактар өткөрүлөт.

Укук бузууларды алдын алуу планы түзүлүп, кылмышка баруучу балдар менн класс жетекчилер жана соц. педагог тарабынан иштер жүргүзүлүп, тартип бузган балдардын ата энелери менен байланышып, балдар көзөмөлгө алынып турат. АДК кызматкерлери мектепке келип туура тамактануу жана жугуштуу эмес оорулар тууралуу класс жетекчилерге жана окуучуларга семинар өткөрүп турушат.

Жыл сайын өрт жана техникалык коопсуздук жана жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча 1-11- класстарга класстык сааттар өтүлүп турат.

Социалдык педагог: Орозобаева Б.К.